DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Есенкулова С.Б., Тюменбаев А.Р., Догдурбекова М.Д.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТЕЛЕКАНАЛДАРДЫН РЕЙТИНГИ ТУУРАЛУУ ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ

*Есенкулова С.Б., Тюменбаев А.Р., Догдурбекова М.Д.*

# РЕЗУЛЬТАТЫ ИССЛЕДОВАНИЯ РЕЙТИНГА ТЕЛЕКАНАЛОВ КЫРГЫЗСТАНА

*S. Esenkulova, A. Tyumenbaev, M. Dogdurbekova*

# THE RESULTS OF THE STUDY OF THE RATING OF TV CHANELS IN KYRGYZSTAN

*УДК: 654.19(575.2)(04)*

*Кыргызстандагы телеканалдардын рейтингин Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин берген маалыматына таянсак, Кыргызстанда 2019-жылдан бери телеканалдардын рейтинги атайын технологиялардын жардамы менен аныктала башталат. Өлкөдө атайын пиплметр системасын ишке киргизишти. Атайын адисттер бир нече багыт боюнча изилдөөлөрүн жүргүзүүдө. Мисалы, жарандар кайсы каналды көрүшөт. Бул чогулган маалыматтардын натыйжасында кайсы канал, программа же передача көбүнчө көрүлө турганын анализдеп, ага жараша рейтингдер аныкталат. Кыргыз Республикасынын «Телевидение жана радиоуктуруу» боюнча мыйзамынын 8-беренесине ылайык, телеканалдардын берүүлөрүнө телеберүүнүн нормалык талаптарына ылайык сандык анализ жүргүзүү максатында департамент тарабынан 2019-жылы телеканалдардын эфирлерине 3 ирет мониторинг жүргүзүлгөн. Анда негизинен санарип берүүлөргө көңүл бурулган. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда эфирдик берүүдөн сырткары спутник аркылуу 55 телерадио уюмдар обого чыгышат. Тиешелүү орган катары департамент Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде иш алып барат. Ал 2019-жылы план боюнча жана пландан сырткары телеканалдарда текшерүү жүргүзүп, натыйжада 59 каналдарга эскертүү берилген. Ошондой эле департаменттин кызматкерлери тарабынан лицензиялык текшерүүлөр жүргүзүлүп, 21 телерадио уюмдардын жерине барып текшерген. Мисалы, мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында тасмаларды көрсөтүү учурунда коммерциялык рекламаларды берип, кинолорду үзгүлтүккө учураткан бир катап каналдар аныкталган.*

***Негизги сөздөр:** рейтинг, аудитория, телеканал, изилдөө, эфир, рекламалык ролик, сурамжылоо, медиаизилдөө, мониторинг.*

*Рейтинг телеканалов Кыргызстана По данным Министерства культуры, информации и туризма, с 2019 года в Кыргызстане рейтинг телеканалов будет определяться с использованием специальных технологий. В стране запущена специальная система народометрии. Специалисты проводят исследования по нескольким направлениям. Например, какой канал смотрят горожане? Собранные данные используются для анализа того, какой канал, передача или программа просматривается чаще всего. В соответствии со статьей 8 Закона Кыргызской Республики «О телевидении и радиовещании» в целях проведения количественного анализа телепрограмм в соответствии со стандартными требованиями телевещания в 2019 году Департаментом проведено 3 мониторинга телеканалов. Он ориентирован на цифровое вещание. Сегодня в Кыргызстане, помимо цифрового вещания, через спутник вещают 55 телерадиокомпаний. В качестве соответствующего органа Департамент действует на основании законодательства Кыргызской Республики. В 2019 году она провела плановые и внеплановые проверки на телеканалах, по результатам которых вынесены предупреждения 59 каналам. Сотрудники отдела также провели лицензионные проверки и посетили 21 телерадиокомпанию. Например, мониторинг выявил ряд каналов, которые транслировали рекламу и срывали фильмы во время кинопоказов.*

***Ключевые слова:** рейтинг, аудитория, телеканал, исследование, эфир, рекламный ролик, опрос, медиаисследование, мониторинг.*

*Rating of TV channels in Kyrgyzstan According to the Ministry of Culture, Information and Tourism, from 2019 in Kyrgyzstan, the rating of TV channels will be determined using special technologies. The country has launched a special system of people's survey. Experts conduct research in several areas. For example, what channel do citizens watch? The collected data is used to analyze which channel, show or program is viewed most frequently.In accordance with Article 8 of the Law of the Kyrgyz Republic «On Television and Radio Broadcasting», in order to conduct a quantitative analysis of television programs in accordance with the standard requirements of television broadcasting, in 2019 the Department conducted 3 monitoring of television channels. It is focused on digital broadcasting. Today in Kyrgyzstan, in addition to digital broadcasting, 55 television and radio companies broadcast via satellite. As the relevant body, the Department acts on the basis of the legislation of the Kyrgyz Republic. In 2019, it conducted scheduled and unscheduled inspections on TV channels, as a result of which warnings were issued to 59 channels. Employees of the department also conducted license checks and visited 21 TV and radio companies. For example, monitoring revealed a number of channels that broadcast advertisements and disrupted films during film screenings.*

***Key words:** rating, audience, TV channel, research, broadcast, commercial, survey, media research, monitoring.*

Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин берген маалыматына таянсак, Кыргызстанда 2019-жылдан бери телеканалдардын рейтинги атайын технологиялардын жардамы менен аныктала башталат. Өлкөдө атайын пиплметр систамасын ишке киргизишти. Изилдөө үчүн Бишкек, Жалал-Абад жана Ош шаарынын тургундарынан 200 үй-бүлө тандалып алынууда. Атайын адисттер бир нече багыт боюнча изилдөөлөрүн жүргүзүшөт. Мисалы, жарандар кайсы каналды көрүшөт. Бул чогулган маалыматтардын натыйжасында кайсы канал, программа же передача көбүнчө көрүлө турганын анализдеп, ага жараша рейтингдер аныкталат. Ал эми серепчилердин айтымында, бул долбоор бир гана телеканалдардын рейтингин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гана эмес, теле индустриянын өнүгүшүн жана реклама базарынын өнүгүүсүнө салым кошот. Негизинен «Эксперт» Консалтинговый агенствосу ата мекендик телеканалдардын эфирдик сеткасына байкоо жүргүзүп турат. КТРК, НТС, ЭЛТР каналдары ата мекендик контентке басым жасап эфир убактысынын 60% кыргыз тилиндеги программларды, тасмаларды берүүгө аракет жасары аныкталган. Ошондой эле «КТРК», «НТС», «5 Канал», «Любимый», «Домашний», «Мир», «НБТ», «Россия РТР», «Семейный», «ТНТ», «ЭЛТР», «НТВ», «РЕН ТВ», «TV1» телеканалдарынын контентин изилдөө жүргүзгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгы көргөзгөндөй «КТРК Спорт» жана «КТРК Музыка» каналдарында 100% ата мекендик контенти көргөзөт. Ал эми «НТС «88% жана «ЭлТР» 76% ата мекендик берүүлөрдү көргөзөрү белгилүү болгон. Эфирдик пакеттин 44 пайызынын ичинен 36%ын орус программалары жана 20%ын чет элдик материалдар түзөт. Бир гана «ЭлТР» жана «КТРК Музыка» телеканалдарында программалар кыргыз тилинде алып барылса калган каналдарда орус тилиндеги берүүлөр дагы бар. Ошондой эле агенствонун изилдөөсүндө маалым болгондой баардык каналдарда рекламалык роликтер эфирдик убакыттын 25% ээлейт [6].

Өткөн жылдын май айында мыйзам долбоору кабыл алынган. Анда телеканалдарда телекөсөтүүлөрдө 50% ата мекендик жана мамлекеттик тилде болушу шарт экендиги белгиленген. Медиа изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын 660миң жашоочусу коомдук биринчи каналды көрүшөт.

«М-Вектор» компаниясынын 2017-жылдын 13-декабрь айындагы изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда популярдуу телеканалы «КТРК» болуп аныкталган. Коомдук каналдын карамаганындагы «Музыка жана Баластан» 2-4-орунду ээлеген. 3-орунду россиянын «Первый канал» турат. 5чи орунда «НТС» каналы ээлеген. Бирок, Бишкек шаарында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы башкача тыянактарды берген.

Шаар тургундары рейтингдин сап башына орусиянын «Первый канал» андан соң «НТС», «ТНТ-Азия», «Россия РТР» жана «312 Кино», 6-орунга «КТРК» илинген [6].

Радиостанциялардын ичинен 1-орунда «Кыргызстан обондору», 2 «Европа Плюс», 3-4-орундарда «Миң-Кыял» жана «Тумар радиолору турат.

2017-жылы Өлкөдө эң популярдуу социалдык тармак «Одноклассники», 2-3 орунда «Инстаграм» жана «Фейсбук».

Медиа-эксперт Азамат Тынаевдин айтымы боюнча, «М-Вектор» изилдөөсү чындыкка дал келет. Себеби, «КТРК» дайыма өз ишмердүүлүгүн жогорулатуунун үстүндө. Жаңы долбоор, жаңы телепрограммаларды жаратып келүүдө. Ошондой эле коомдук канал өз ичинде каналдарды ачуу менен телеканалдардын үй-бүлөсүн түзгөн. Ал эми заманбап техникалык базанын жаңыланышы, студиялардын жаңыртылышы, декорациялар булардын бардыгы рейтингдин жогорулашына көмөк көрсөтүп, жыйынтык берүүдө деген пикирин эксперт билдирген.

Ал эми Бишкек шаарында бул рейтингдин төмөн болушу жарандар интернетте активдүү болушу менен байланыштырылат. «М-Вектор» компаниясы сурамжылоону Кыргызстандын 16 шаарында жана 165 айылда жүргүзгөн.

2018-жылы Юстиция министрлигинин электрондук реестринде ММКнын 258 телерадиокомпания жана телеканалдар, телестудия, телевизиондук агенттиктер сыяктуу жалпыга маалымдоо каражаттары катталган. Коомдук телерадио корпорациясы: Өзүнө коомдук-саясий канал болгон КТРКны, үй-бүлөлүк жана балдар «Музыка», «Баластан», маданий-агартуучу «Маданият-Тарых-Тил», маалыматтык-аналитикалык «Ала-Тоо 24», «КТРК Спорт» жана радиоканалдары бар. Корпорациянын курамында «Кыргызтелефильм» студия да кирет. КТРКнын ресурстары өлкөдө маанилүү: профессионалдуу курам, мыкты журналисттер, ири жаздыруучу студиялар, концерттик студиялар, түз эфирлерди тартуу үчүн ПТС көчмө телестудиялары бар. 2010-жылдагы апрель окуяларынан кийин өкмөттүн биринчи буйругу болуп, өлкөдөгү эң негизги мамлекеттик каналды коомдук кылып өзгөртүү каралган. Негизги максат – республикадагы «маалыматтык рупор» болгон каналды бийликтин басымынан коргоп, коомдук пикирди чагылдырган телеканалды түзүү болгон. Ошондой эле коомдук көзөмөлдөөчү кеңеш түзүлүп, коомдун пикирин телеканалга жеткирип туруучу жумушун аткарат. «КТРК» республиканын географиялык аймагынын 98%да көрсөтүлөт. Спутник Intelsat 904 жана каналдын сайтынан онлайн трансляция форматта көрүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Мындан тышкары, мамлекет маалыматтык-аналитикалык «Пирамида», «5 канал», маданий-агартуучу «ЭЛТР» жана Ошто аймактык маалыматтык-көңүл ачуучу «Ош ТВ» жана «Ынтымак» каналдарында ээлик кылат. «Пирамида» 1991-жылы биринчи көз карандысыз канал катары түзүлгөн. Президент Аскар Акаевдин убагында күчтүү оппозициялык канал болгон. Ал эми 2010-жылы улуттук каналга айланган. «5 канал» «КООРТ» телекомпаниясынын базасында түзүлүп, 2005-жылы «Жоогазын» революциясынан кийин өзүнүн көз карандысыздыгынан улам телекөрүүчүлөрдүн арасында популярдуулукка жеткен. Өлкөнүн тарыхында 2007-жылы биринчи жолу жеке менчик канал чет элдик телеканалдар менен кызматташтыктан баш тартып, өздүк берүүлөрдүн сеткасын түзгөн. Көрүүчүлөрдүн аудиториясында керектүү канал болгон. Бул жакта жаш креативдүү коллектив топтолуп, өлкөдө болуп жаткан окуяларга

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өз көз карашы бар жаштар иштеген. Жакшы материалдык техникалык базасы менен көрүүчүлөрдү оперативдүү маалымат менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. 2010-жылдагы революциядан кийин улуттуктан мамлекеттик мүлккө өткөн. 2017-жылы 27-декабрда массалык маалымат каражаттарында «5 канал» өз ишмердүүлүгүн токтотуп жаткандыгы тууралуу маалымат тараган. Себеби каналдын жааматы өз каалоосу менен жумуш таштаганы себеп болгон. Коллективдик массалык жумуш таштоосунун себептерин айткан эмес. Бирок, жабылганча республиканын 80% аймагында суткасына 18 саат көрсөткөн [6].

Көңүл ачуучу: «Любимый HD», «Эхо Манас», «Семейный», TV1.KG (интернет-канал), «Хамелеон ТВ», Boorsok TV (интернет-канал), «Я», «Антен ТВ»;

Маалыматтык көңүл ачуучу: «Кыргыз ТВ», НБТ (Независимое Бишкекское Телевидение), СТВ, «Санат ТВ», НТС, «Аян ТВ», «БашатТВ», «Жалбырак ТВ» (интернет-канал), «Ош пирим«, «7 Канал», «Керемет ТВ»

Тасмаканал: «Киносеанс», TV2.KG, «Максимум ТВ», Cinemax, «312 кино», «312 сериал»;

Музыкалык: «Тумар ТВ«, Tigi-boo, «K.MUZ», «312 музыка»;

Калыптанып калган чет элдик канаалдар: «ТНТ-Азия», «Пятница 2.0», «BBC Кыргыз», МГТРК «Мир», «Первый канал. Кыргызстан», «Рен ТВ Кыргызстан», TV1000 East.

Каржылоо булактары: Кыргызстандагы телеканалдардын каржылоо булагы мамлекеттик субсидиясы жана рекламадан түшкөн каражаттар менен камсыздалат. Ошондой эле демөөрчүлөрдүн жана донорлор тарабынан каржыланган телеканалдар дагы бар. Кошумча каражаттарды контенттерди сатуу жана СМС-сервис аркылуу акча тапкандары дагы бар. «Сорос-Кыргызстан» фондунун (4 жыл мурунку) маалыматына ылайык, көпчүлүк каналдардын каражат табуу булагы бул (69%) рекламадан түшкөн каражаттар жана (19%) мамлекеттик субсидиядан түшкөн каражаттар түзөт. Белгилей кетчү жагдай кээ бир мамлекеттик субсидияларды алган телекомпаниялардын каражатынын тең жарымы рекламага берилген убакыттан түшөт. Бирок кичи аймактык каналдардын каржылоо шарты башкача. Айрым жеке аймактык каналдар чет элдик донорлордук уюмдардын гранттары жана жеке адам тарабынан каржыланат. Ошол эле учурда аймактык каналдарды өнүктүрүү үчүн келген донорлук гранттар мамлемлекеттик гана эмес жеке менчик телеканалдарга дагы жумшалат. Мисалга гранттык жана донордук каржылоо МТРК «Ынтымак» каналынын ишмердүүлүгүн каржылайт [6].

**Мониторинг 22 телеканалда жүргүзүлгөн:**

- санариптик каналдар: «КТРК», «КТРК Спорт», «КТРК Музыка», «ТВ1», «Пирамида», «5 канал», «НБТ», «НТС», «Я», «ЭлТР», «ТНТ» «Азия», «Семейный», «Россия РТР», «Мир», «Эхо Манаса», «Пятница», «Любимый HD»;
- кабелдик сеть Ала-ТВ: ТНТ;
- аймактык каналдар: «ОшТВ», «7 канал», «Ынтымак», «Ош Пирим».

Серепчилердин айтымында, республикадагы телерадиорекламалардын рыногунун көлөмү жакынкы жылдары жогорку көрсөткүчтү көрсөтпөйт. Акыркы жылдары рекламалык рыноктун активдүүлүгүнүн төмөндөшү күтүлүп, жалпы көлөм жылына $8–10 млнду түзүшү мүмкүн. Муну адистер, кризис жана акырындык менен интернет тармагына өтүү менен байланыштырышат. Ошол эле учурда бир катар адистер Кыргызстанда медиа рыноктогу рекламанын баасы төмөн экендигин белгилеп келишүүдө. Кыргызстандын каналдары рекламалык патенциалынын 50% дагы колдонушпай 10-30% гана колдонушат деген пикирлер дагы жок эмес. Дагы бир көйгөй бул – таза изилдөөлөрдүн жоктугу [6].

Санариптик берүүгө өтүү алдында депутаттар социалдык пакеттин курамынадагы жергиликтүү чет элдик каналдардан(ал убакта россиялык «Первый» канал гана болгон ) тышкары чет элдик каналдардагы рекламага тыюу салышты. Алар үчүн көлөмдү рекламаларды берүү бир гана трансляцияны төлөө үчүн гана берилген. Бул деген чет элдик телеканалдар социалдык пакетке кире алышат бирок, бул үчүн республикалык бюджеттен төлөөгө уруксат жок. Бул абал 2019-жылдын 1-июлунда күчүнө кирген [5].

2011-жылы Кыргызстандын аймагында санарипке өтүү алдында республиканын баардык аймактарында көрсөтүүнү таратуу мүмкүнчүлүгүн аныктаган медиа толкундарды ченөө жүргүзүлгөн. 2011-жылдан 2014-жылга чейин ММКнын аудиториясын изилдөө боюнча 5 изилдөө иштери жүргүзүлгөн. 2013-жылдын Ноябрь-декарбь айларында эл аралык компания Kantar TNS – WPP Group маркетинг компаниясы ООО «International Media Service» (медиаселлер, специализирующийся на продажах рекламных возможностей телеканалов) буйрутмасы менен Кыргызстандын ТВ-аудиториясын масштабдуу ченеген. Бишкек жана Ошто 914 миң жаран күн сайын кагаз күндөлүктү толтурууга 10 жаштан жогору үй-бүлө мүчөлөрү катышкан. Күн боюу аудиторияны иликтөөдө кечки убакытта телевизорду көрүү басымдуулук кылган. Республикада жарым суткалык көрүүлөрдүн көлөмү 87% түзүп, орточо эсеп менен күнүнө 191 мүнөт телевизор көрүлгөн. Аудитория- аялдар 57,5%,эркектер 42,5%; жаш курагы 18-29жана 45-54 жашка чейин 54,5%; түзөт, кыргыз көрүүчүлөр 64% түзгөн.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин алдындагы Маалымат жана массалык коммуникациялар департаменти тарабынан 806 телерадиоканалга санарип пакет берилди. Алардын ичинен 132-телерадио уюм-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дарына (алардын ичинен 92 каналга, 40-радиоканалга) жана 647 опearторго жана 8 телерадиокөрсөтүүнүн ишмердүүлүгүнө уруксат берилген.

Кыргыз Республикасынын «Телевидение жана радиоуктуруу» боюнча мыйзамынын 8-беренесине ылайык, телеканалдардын берүүлөрүнө телеберүүнүн нормалык талаптарына ылайык сандык анализ жүргүзүү максатында департамент тарабынан 2019-жылы телеканалдардын эфирлерине 3 ирет мониторинг жүргүзүлгөн. Анда негизинен санарип берүүлөргө көңүл бурулган. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда эфирдик берүүдөн сырткары спутник аркылуу 55 телерадио уюмдар обого чыгышат. Тиешелүү орган катары департамент Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде иш алып барат. Ал 2019-жылы план боюнча жана пландан сырткары телеканалдарда текшерүү жүргүзүп, натыйжада 59 каналдарга эскертүү берилген. Ошондой эле департаменттин кызматкерлери тарабынан лицензиялык текшерүүлөр жүргүзүлүп, 21 телерадио уюмдардын жерине барып текшерген. Мисалы, мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында тасмаларды көрсөтүү учурунда коммерциялык рекламаларды берип, кинолорду үзгүлтүккө учураткан бир катап каналдар аныкталган. Алар төмөндөгү каналдар: «7 канал», «8 канал», «312 Кино», «Cinemax», «Керемет», «NewTV», «Nur TV», «OOVA TV», «ОшТВ», «RTV», «TV1KG», «Азия ТВ», «Домашний», «Кыргызстан», «Любимый», «Марва», «НБТ», «КТРК», «НТВ», «НТС», «ОшПирим», «Пятница», «РенТВ», «Санат», «Семейный», «Эхо Манаса», «Я», «СТВ» жана «Пирамида».

Ошол эле учурда: «5 канал», «24 ТВ», «Некс ТВ», «Баластан-КТРК», «Маданият, тарых, тил», «Элтр» и «Илим жана билим» реклама коюлуп, берүүлөр үзгүлтүккө учураган эмес.

**Адабияттар:**


1. Дугин Е.Я. «Информационно-публицистические передачи телевидения и пути повышения их эффективности». - М.: МГУ, 1986. - 132-б.
2. Жаныбаева А.Т. «Журналистика ишкердигинин укуктук жана этикалык негиздери». - Бишкек, 2018. - 70-б.
3. Журналисттер үчүн колдонмо. –Бишкек, 2008. 21-б.
4. «Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 1997-ж.
5. «Жарнак тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1998-ж.
6. «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1993-ж. 8-май.
7. «Маалыматка жетүүнүн кепилдиги жана эркиндиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1997-ж.